Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясынын торайымы Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага

№ 20 бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Назарбеков Мирлан Рысбековичтин шайлоо боюнча ыйгарымдуу окулу Музуратбеков Жылдызбек Таалайбековичтен

# А Р Ы З

Арыз менен кайрылуумдун себеби томондогучо:
Талас облусунун № 20 бир мандаттуу Манас шайлоо округунда 28.11.2021-жылдагы шайлоонун журушундо шайлоо коммиссиясынын мучолору, шайлоочулар жана кандидаттын окулдору тарабынан бир нече мыйзам бузуу фактылары катталуу менен коштолуп, жыйынтыгында участкалык шайлоо коммиссияларынын протоколдору № 6034 жокко чыгарылууга жатат.

Анткени шайлоонунун журушундо, шайлоо мыйзамынын талаптары так сакталбастан, Талас облусунун Кара Буура районунун Суулу-Маймак айылында № 6034 шайлоо участогунда Джумабеков Дастан Артисбековичтин байкоочусу Жайнаков Жамбыл, аталган участкалык шайлоо коммисиясына байкоочу катары катталганына карабастан, участкалык шайлоо коммисиясынын алдында добуш беруу учун келген шайлоочуларга добушту сатып алуу максатында арак таркатып жаткан фактылары орун алган,аталган факты видеого тартылып алынган.

Жайнаков Жамбыл 28.11.2021-жылы откон шайлоодо талапкер Жумабеков Дастан Артисбековичдин байкоочусу болуп катталганын участкалык шайлоо коммиссиясынын торагасы жана мучолору жана башка байкоочулар тастыктап бере алышат.Жайнаков Жамбыл аталган аракеттери менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кенештин депуттарын шайлоо жонундогу мыйзамынын талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин талаптарын бузган.

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кенештин депутаттарын шайлоо жонундогу мыйзамынын 9-беренесинин 5-болумунун 7-пунктунун талаптарына ылайык, байкоочу шайлоочулардын арасында угут иштерин жургузууго укугу жок экендиги корсотулгон.
Ал эми Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жазык Кодексинин 192-беренесинин 2-болумуно ылайык шайлоочуларга акча толоо же материалдык баалуулуктарды беруу кандидаттын жана анын окулдору, жубайы тарабынан жасалганда 5-категориядагы штраф жана 1-категориядагы эркинен ажыратуу жазасы колдонулат. Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку кенештин депутаттарын шайлоо жонундогу мыйзамын козомолго алып;

# С У Р А Н А М

Талас облусунун № 20 бир мандаттуу шайлоо округунун № 6034 сандуу участкалык коммиссиясынын шайлоо боюнча жыйынтыгын жокко чыгарууну (эсепке албоону).

Тиркеме: Видео материалдар, отурумга алынып келинет.

№ 20 бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Назарбеков Мирлан Рысбековичтин шайлоо боюнча окулу Музуратбеков Ж.Т.